## Оглавление

1-суроо. Иденттүүлүк деген эмне? Анын түрлөрү. ....3
2-суроо. Этникалык (улуттук) иденттүүлүк деген эмне? ....4
3-суроо. Граждандык (атуулдук) иденттүүлүк деген эмне? ....5
4-суроо. Диний иденттүүлүк деген эмне?....6
5-суроо. Эмне үчүн концепциянын аты “Кыргыз Жараны” деп аталат? Эмне үчүн “Кыргызстан Жараны” эмес? ....7
6-суроо. Атуулдук иденттүүлүк башка иденттүүлүктөрдөн эмнеси менен айрымаланат? ....8
7-суроо. Патриотизм (мекенчилдик) деген эмне? ....9
8-суроо. Патриоттуулук - граждандык иденттүүлүктүн негизги көрсөткүчүбү? ....10
9-суроо. Трайбализм деген эмне? Анын реалдуу коркунучу кайсы? ....11
10-суроо. Регионализм деген эмне? Анын эмне кесепеттери бар? ....12
11-суроо. Улутчулдук деген эмне? ....13
12-суроо. “Примордиализм” теориясы деген эмне? ....14
13-суроо. Конструктивизм теориясы деген эмне? ....15
14-суроо. Инструментализм деген эмне теория? ....16
15-суроо. Коомдогу көп түрдүүлүк (многообразие) деген эмне? Ал көп түрдүүлүктү кантип башкарса болот? ....17
Ⅱ-глава. 16-суроо. Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын Конституциясында кандай чагылдырылган? ....18
17-суроо. Эмне үчүн паспорт мамлекеттин менчиги болуп эсептелинет? ....19
18-суроо. Саясий башбаанек укугу деген эмне?Аны ким жана кандай шартта колдоно алат? ....20
19-суроо. Конституция боюнча кандай иш-аракеттерге тикелей жана катуу тыюу салынган? ....21
20-суроо. Конституция боюнча адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын эң жогорку баалулуктары деп эсептелинен. Себеби эмнеде? ....22
21-суроо. Адам укуктары менен жарандык (граждандык) укуктардын айрымасы эмнеде? ....23
22-суроо. Кыргыз Республикасынын жарандыгы дегенди кандай түшүнөсүз? ....24
23-суроо. Кыргыз жарандарынын кандай милдеттери бар? ....25
24-суроо. Адам укук эркиндиктеринин кандай кепилдиктери барКонституция боюнча? ....26
25-суроо. Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) граждандык укуктары жөнүндө кандай документтер бар? Алардын негизи маңызы кандай? ....27
26-суроо. Адам укуктарын коргоо кандай жолдор менен ишке ашат? ....28
27. суроо. Негизги адам укуктары кайсылар? ....29
28-суроо. Конституцияда Кыргыз жарандарынын кайсы негизги милдеттери бекитилген? .30
29-суроо. “Кыргыз Жараны” концепциясынын негизги принциптери кайсы? ....31

**30-суроо. "Кыргыз Жараны" концепциясынын негизги максаты эмне?**.....32
**31-суроо. "Кыргыз Жараны" концепциясынын артыкчылыктуу багыттары багыттары кандай?**.....33
**32-суроо. "Кыргыз Жараны" Концепциясы ишке ашуу менен кандай жыйынтыктар, натыйжалар күтүлүүдө?** .....34
**33-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан көз карандысыз мамлекет деп аталат? (Конституциянын 1-беренесине ылайык).** .....35
**34-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан демократиялык мамлекет деп аталат? (Конституциянын 1-беренесине ылайык).** .....36
**35-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан унитардык мамлекет деп саналат? (Конституциянын 1-беренесине ылайык).** .....37
**36-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан укуктук мамлекет деп аныкталат (Конституциянын 1-беренесине ылайык).** .....38
**37-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан светтик мамлекет деп Конституциянын 1-беренесинде аныкталган?**.....39
**38-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан Конституциянын 1-беренесине ылайык социалдык мамлекет деп аныкталган?** .....40
**39-суроо. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын преамбуласы (кириш бөлүгү) эмне үчүн Конституцияга киргизилген, анын кандай укуктук жана саясий мааниси бар?** .....41
**40-суроо. Кыргыз Республикасынын жараны дегенди кандай түшүнүш керек?** .....42
**41-суроо. Кыргыз Жараны Концепциясынын 1-чи стратегиялык багыты ага жетүүнүн жолдору кайсы?**.....43
**42-суроо. Кыргыз Жараны концепциясынын 2-чи багыты, ага жетишүүнүн жолдору кайсы?** .....44
**43-суроо. Кыргыз Жараны Концепциясынын 3-чү стратегиялык багыты кайсы, аны ишке ашыруу жолдору кайсы?** .....45
**44-суроо. Кыргыз Жараны Концпциясынын 4-чү негизги багыты кайсы? Аны кантип ишке ашырабыз?** .....46
**45-суроо. Кыргыз Жараны Концепциясынын 5-чи негизги багыты кайсы?** .....47
**46-суроо. Ислам жана Теңирчилик... Чын эле карама-каршылык барбы?** .....48
**47-суроо. Дин эркиндиги дегенди кандай түшүнүү керек?** .....49
**48-суроо. Коомдогу көп түрдүүлүк жана Кыргыз Жараны Концепциясы кандай айкалышат.** .....50
**49-суроо. Эгемен Кыргыз Республикасын куруу эмне үчүн мынча татаал болду?** .....51

## 1-суроо. Иденттүүлүк деген эмне? Анын түрлөрү.

Иденттүүлүк – бул өзгөчө философиялык-психологиялык термин. Жөнөкөй тил менен айтканда - “Мен киммин? Мен ким мененмин?” деген суроого жооп.

Адам – бул коомдук зат. Ошол үчүн ар бир адам өзүн кайсы бир коомдук топко, тайпага, группага теңейт, жакындатат, ошол топтун мүчөсү, бир бөлүгү, элементи катары көргүсү, аныктагысы келет.

Ал кайсы негизги топтор? Албетте, бул улут, регион, дин, уруу, жынысы, саясий партиянын мүчөсү, ата-энелик статусу, атуулдугу (жарандыгы)... Ушул группаларга ылайык ар бир адам өзүнүн иденттүүлүгун ар кандай аныкташы мүмкүн, ал өздүгүн негизги жана кийинки деп бөлүнүшү мүмкүн.

Мисалы: бир эле адам өздүгүн мындай аныкташы мүмкүн “Мен – Асанов Марат, эркекмин, кыргызмын, черик уруусунан, мусулманмын, 3 баланын атасымын, Кыргызстандын жаранымын, Эркиндик партиясынын мүчөсү, таластыкмын, айылда турам, врачмын ж.б.у.с.

Бул иденттүүлүктүн баары туура десек болот. Себеби, ар биреөнүн негизи пайдубалы ар башка. Ошол негизге (основание) жараша адам өзүн ар кандай социалдык “рольдо” сезе берет. Ар бир рольдун өз oорду жана мааниси болот. Бир жагдайда адам өзүн кыргыз сезсе, экинчиде врач катары, үчүнчүдө мусулман катары өзүн өзү аныктайт. Иденттүүлүк деген ушул: Өзүн өзү аныктоо!

Мазмунуна

## 2-суроо. Этникалык (улуттук) иденттүүлүк деген эмне?

Ар бир адам кайсы бир үй-бүлөөдө, коомдо төрөлөт. Улут - бул коомдун эң бир чоң жана маанилүү бөлүгү болуп эсептелинет. Ар бир улутту улут кылган бир нече факторлор болот. Алар: улуттук тил, үрп-адаттар, салттар, маданий асыл-наркы, тарыхы, тарыхий лидерлери.

Этникалык иденттүүлүк – бул өтө терең жана маанилүү нерсе. Ар бир улут ошол иденттүүлүгүн сактоо жана өнүктүрүү үчүн ар кайсы аракеттерди жасайт.

Улуттук иденттүүлуктүн өзөгүн улуттук тил түзөт. Ошол үчүн саясий эгемендикке жеткен этностордо сөзсүз “мамлекеттик тил” макамы пайда болот. Ал өзгөчө макам аркылуу улуттук маданиятка өзгөчө мамиле боло баштайт. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, ар бир улут өз улуттук мамлекетин куруугa умтулат. Себеби эң жөнөкөй: улуттук мамлекет гана улуттук иденттүүлүктүн сакталышына жана өнүгүүшүнө ишенимдүү кепилдик берет.

Улуттук иденттүүлүктү да абайлап колдонуу зарыл. Өз улутун обу жок көтөрүп, башка улуттарды басмырлап, кемсинтип, мазактап туруш – бул 21-кылымда өтө терс көрүнүш.

Өз улутуна болгон сый-урмат башка улуттарды кемсинтүү акркылуу болбош керек. Ар бир улутта жакшы да, жаман да өкүлдөрү болот деген коомдук философияны кармаш керек.

Мазмунуна

## 3-суроо. Граждандык (атуулдук) иденттүүлүк деген эмне?

Эгер адам “Сиз кимсиз? деген суроого” мен Кыргыз жаранымын! Же Кыргызстандын атуулумун (гражданин) деп жооп берсе, мына ушуну граждандык (атуулдук) иденттүүлүк деп айтабыз.

Атуулдук иденттүүлүктүн эмне өзгөчөлүгү бар? Бул иденттүүлүк кайсы бир эгемен мамлекет менен, анын атуулдугу менен байланышкан.

“Мен Кыргызстандын атуулумун (гражданинимин)” деген менен, ал адам ошол эгемен мамлекеттке таандык экенин, ал атуулдук ал инсан үчүн маанилүү экенин белгилейт. Граждандык иденттүүлүктө “кайсы мамлекетке таандыксың” деген жагы маанилүү. Себеби ошол мамлекетке таандык болуу менен ал инсан өз укуктарын жана милдеттерин аныктайт, ошол мамлекеттин мыйзамдары менен жашайт. Ал мамлекеттин мыйзамдарында жыныс, улут, социалдык абал, диний көз караштарына карабай ар бир атуул (гражданин) бирдей укуктарга жана жоопкерчиликке ээ болушу зарыл. Укуктук, демократиялык мамлекет деген ошол.

Мазмунуна

## 4-суроо. Диний иденттүүлүк деген эмне?

Эгер адам “сиз кимсиз? деген суроого” мен мусулманмын (христианмын, иудиймин, конфуцичылмын...) деп жооп берсе, анда бул диний иденттүүлүк деп аталат.

Башкача айтканда, ал адамга улуттук, атуулдук, жыныстык, саясий жана башка иденттүүлүктөрдүн арасынан эң маанилүүсү – анын туткан дини! Ошол туткан дини аркылуу ал дүйнөнү кабыл алат, башкаларды баалайт, өзүнүн жүрүм турумун аныктайт...

Диний иденттүүлүк да өтө татаал коомдук феномен. Анын да ар кандай деңгеелдери группалары болот. Бирөө динди терең изилдеп –талдап, логикага салып, анын чыныгы асыл-нарктарын баамдап, анан өзүн ошол дин аркылуу тааныйт.

Экинчиси болсо диний сабаты жок эле, ал диний агымды терең түшүнбөй тышкы көрүнүштөрүнө азгырылып, сугарылып, чумкуп кирип кетишет.

Диний иденттүүлүктүн даагы бир тобокелчилиги бул диний экстремизмге ооп кетүү коркунучу. Андай экстремист жана радикалдарга эгемен мамлекет, өз улут, улуттук мамлекет, жердештик, туугандык деген асыл-нарктар экинчи планда калып, биринчи оорунга “диний жамааты” чыгып калышы мүмкүн. Акыркы жылдагы Сирия мамлекетиндеги окуулар, ал жерде “Халифат” курабыз деген радикалдык аракеттер буга чоң күбө жана далил.

Мазмунуна

## 5-суроо. Эмне үчүн концепциянын аты “Кыргыз Жараны” деп аталат? Эмне үчүн “Кыргызстан Жараны” эмес?

Бул суроого жооп өтө жөнөкөй. Орус тилинде кеңири таралган: узбекское гражданство, польское гражданство, чешское гражданство...

Кыргызчага которгондо ал: өзбек жараны, чех, польша жараны дегенди эле билдирет. Бизде деле ошол да: Кыргыз жараны бул Кыргыз Республикасынын жараны жараны дегенди билдирет. Орусчасы: “у меня кыргызское гражданство – я гражданин Кыргызстана”.

Дүйнөдө биз түшүнгөн ”улут” сөздү “nation” деп которушат. Ал сөздүн эки чон жана негизки мааниси бар: улут жана мамлекет деген.

Ошол үчүн дүйнөлүк көпчүлүк мамлекеттердин паспортунда “nation деген сөз” кайсы мамлекеттин жараны (гражданини) дегенди билдирет.

Кыргыз Жараны деп аталгандын дагы бир себеби: кыргыз улуту Кыргызстандын негизги улуту. Ошол үчүн мамлекеттин аты – Кыргызстан да. Ошондой эле Өзбекстандын негизги улуту – өзбектер, Тажикстандыкы – тажиктер, Чехияныкы – чехтер... Мамлекеттердин басымдуу көпчүлүгү – улуттук мамлекеттер. Кыргызстан ошолордун бирөө.

Мазмунуна

## 6-суроо. Атуулдук иденттүүлүк башка иденттүүлүктөрдөн эмнеси менен айрымаланат?

Атуулдук (граждандык) иденттүүлүктүн жалгыз бир, так аныкталбаган, түшүнүктүү, укуктук жактан кынтыксыз, башка иденттүүлүктөрдүн формаларын танбаган өзүнө камтыган негизи (основание) бар. Бул Кыргыз Республикасынын атуулдугу (гражданство Кыргызской Республики).

Укуктук демократиялык, заманбап мамлекетте иденттүүлүктүн башка коомдук формаларынын баары (улуттук, диний, жыныстык, саясий ж.б.у.с.) граждандык иденттүүлүккө сиңип кетет. Граждандык иденттүүлүк үчүн диний көз карашың, улутун, жынысың, жашың чечүүчү мааниге ээ эмес. Эң негизкиси: сен Кыргыз Республикасынын атуулусуң (жарааны, гражданин) же жокпу?

Гражданин болсоң анда сенин так аныкталган укуктарың жана жоопкерчилигиң пайда болот, Кыргыз Республикасы сени, үй-бүлөңдү камкордукка, коргоого алат. Гражданин катары сенин укуктарың менен кошо милдеттериң пайда болот.

Ал укуктарың сенин улутуңа же диниңе байланбайт, тек гана ошол атуулдугуң менен чектелет.

Мазмунуна

## 7-суроо. Патриотизм (мекенчилдик) деген эмне?

Патриотизм – бул өз Мекениңди сүйүү, ага кызмат кылуу, аны коргоо жана өнүктүрүү.

Өз мекен деген эмне? Бул так ошол атуулдуктан, гражданстводон чыгып келген түшүнүк да. Сен Кыргызстандын гражданини болсоң, Кыргызстандын паспортун алып жүрсөң, анда сенин Ата-Мекениң бул Кыргыз Республикасы. Айырмасы жок, сен кыргызсыңбы же башка улутсуңбу, кайсы динди кармайсың, аял же эркексиңби.

Сен Кыргызстандын гражданини (атуулу, жараны) болсоң, анда сенин Мекениң – Кыргыз Республикасы!

Ошол Мекениңе эмгек кылыш, ага карата кара ниеттүүлүк кылбоо, чыккынчылык, кайдыгердик жасабоо – бул сенин милдетиң. Налогту толук жана убагында төлөө – бул патриоттуулук! Армияда кызмат өтөө – бул патриоттуулук! Айлана чөйрөнү таза кармоо, кылмыштуулук менен күрөшүү, коррупцияга аралашпоо, сапаттуу билим алуу, мыкты үй-бүлөөнү түзүү, кембагалдарга жардам берүү...,ушунун баары эле Патриотизм.

Валентина Шевченко – кыргызтын патриоту! Чек араны коргоп жүргөн кыргыз, өзбек, тажик, орус улутундагы аскерлер – бул патриоттор.

Миграцияда жүрүп, адал эмгеги менен үй-бүлөөсүн багып жүргөн биздин атуулдар – бул патриоттор...

Мазмунуна

## 8-суроо. Патриоттуулук - граждандык иденттүүлүктүн негизги көрсөткүчүбү?

Албетте: патриоттуулук бул Мекенди сүйүү! Бул жөн эле кур сөз, тек гана ички ниет болбош керек...

Патриоттуулук – бул кыймыл-аракет, конкреттүү иштер, реалдуу көрсөткүчтөр аркылуу кана аныкталат!

Патриот – бул өз Мекенине тек гана жакшылык, ийгилик каалаган инсан.

Патриот – бул тек гана өз "кара курсагын" эмес, Өлкөнүн да жыргалчылыгын ойлогон инсан.

Патриот – бул мыйзамды сыйлаган, кылмышка барбаган, четте жүрсө да "Кыргызстанды уят кылбайын" деген сезим менен жашап жүргөн инсан.

Патриот – бул ар-дайым кайрымдуулук кылып жүргөн адам!

Тескерисинче – радикалдуу диний экстремистердин урааны: чыныгы мусулманда Мекен болбойт. Бүт мусулмандар алар үчүн бир туугандар! Ушундай радикалдык көз караштардан алыс болушубуз керек.

Биздин Мекенибиз – бул Кыргыз Республикасы! Анын өнүгүп – өсүүсүнө, аймактык биримдигине, бейпил турмушуна өз салымын кошкон атуулдардын баарын биз Патриот деп, сыйлашыбыз абзел.

Мазмунуна

## 9-суроо. Трайбализм деген эмне? Анын реалдуу коркунучу кайсы?

Трайбализм – бул уруучулук. Англис тилинен келген tribe деген сөз, уруу (племя) деп которулат.

Кыргыз улуту, эли ар кандай уруулардан тураары белгилүү. Трайбализм - бул өз уруусун артык көрүү, башка урууларды кемсинтүү, кайсы бир иштер же окуялар боюнча башка урууларды, алардын көрүнүктүү өкүлдөрүн күнөөлөө.

Трайболизм өнүгүп-өсүп, күчтүү, бирдиктүү Улутка айланып келаткан элдердин баарында эле болуп келген. Трайболизмди болтурбоо үчүн күчтүү борбордук бийлик керек, жалпы улуттук идеология болушу зарыл. Тажрыйба көрсөткөндөй, трайболизмге каршы күрөшүүнүн эффективдүү ыкмасы бул сапаттуу, калыс, кадр саясаты.

“Уруучулук эмес, Улутмандык керек” деген коомдук кыймыл, руханий багытты тандап, ошону ишке ашыруу зарыл.

Мазмунуна

## 10-суроо. Регионализм деген эмне? Анын эмне кесепеттери бар?

Кыргызстандын саясий-маданий чөйрөсүндөгү эң опурталдуу проблемалардын бири – бул регионализм (жердешчилик, региондук бөлүнүү).

Мисалы: түндүк-түштүк принциби менен бөлүнүү-жарылуу, өзгөчө саясатта кадр маселесинде...

Регионализмдин себептери кыргыздардын географиясында жана тарыхында жатат. Географиялык жактан алганда, Кыргызстандын түндүк жана түштүк бөлүктөрүн кырка тоолор бөлүп турат. Бул тоолор тарыхта бирдиктүү Улутту, бирдиктүү экономиканы, маданиятты жана саясатты калыптандырууга тоскоолдук болуп келген. Тарыхта кыргыздын түштүгү Кокон хандыгына баш ийип, түндүгү болсо Орус империясынын көбүрөөк таасирин алып калган. Ошого жараша, уруулук жактан, колдонгон кыргыз тилинин ар кандай говорлору жактан, үрп-адаттардан, салт-санаа жактан да түндүк – түштүк өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп келгени жашыруун эмес.

Регионализмди жеңүү – бул бийликтин негизги милдеттеринин бири. Калыс кадр саясаты, жетекчилердин ротациясы, ар бир регионду күчтөндүрүү, бирдиктүү Улуттук Стратегия аркылуу гана регионализмди жеңсе болот.

Регионалдык бөлүнүү - бул өтө уят нерсе деп таанылыш керек. Аны менен алектенген мамлекеттик кызматкерлер, жөнөкөй жарандардан катуу жазаланып турушу керек.

“Кыргыз Жараны” концепциясы бул регионализимге каршы келчү эң маанилүү концепциялардын бири.

Мазмунуна

## 11-суроо. Улутчулдук деген эмне?

Улутчулдуктун орусчасы – бул национализм. Заманбап, демократиялык коомдо бул өтө терс көрүнүш катары бааланат.

Улутчулдуктун негизги белгилери – бул өз улутун башка улуттарга караганда өйдө көрүү, башка улуттардын маданий, тил муктаждыктарын тануу, бир өңчөй кадр саясатын жүргүзүү, башка улуттардын өкүлдөрүнүн адам укуктарын тебелеп-тепсөө...

Кыргызстанда системдүү түрдө улутчулдук орун алган эмес. Ага бул фактылар далил боло алышат:

1/ Агрардык реформаны өткөзгөндө (90-жылдары) бүт кыргыз жарандары, улутуна карабай, бирдей методика менен жер тилкелерин, айыл чарба имараттарын, мал жандыктарын бекер жеке менчике алышты;

2/ 30 жылдык  Эгемендик тарыхыбызда бир да орус, өзбек, же тажик мектеби жабылган жок;

3/ Мамлекеттик тил менен кошо орус тили расмий тил макамына Конституция аркылуу ээ болуп, өнүгүп келе жатат;

4/ Улутуна жараша кысым, зомбулук, мажбурлоо деген фактылар жокко эсе...

Мазмунуна

## 12-суроо. “Примордиализм” теориясы деген эмне?

Этникалык иденттүүлүк кандай пайда болот, кайдан келип чыгат деген татаал суроо бар, этнос теориясы илиминде. Ушул этникалык иденттүүлүктүн пайда болушунун бир теориясы – бул примордиализм теориясы.

1. Primordialis – деген латын сөзүнөн чыккан анын мааниси: баштапкы, эң биринчи, негизги дегенди билдирет.
2. Уруу, улут сыяктуу этникалык группалар бул ар бир адамга байланбайт. Адам төрөлгөндө эле бир улуттун (уруунун), этностун өкүлү болуп төрөлөт.
3. Этнос өзгөрбөйт, ал этностун ар бир өкүлү биологиялык жана маданий окшоштукка ээ болот.
4. Улуттук касиеттер саясий же экономикалык таасирлер болсо да эч качан өзгөрбөйт.
5. Кайсы бир этностун өкүлү өз өлкөсүнөн башка мамлекеттке кетсе да, улуттук касиеттери жоголбойт.
6. Этникалык конфликтер сөзсүз болуп турчу нерсе. Себеби, эки улут бирине бири эч качан окшобойт, алардын уникалдуулугун жок кылам деген аракеттерден майнап чыкпайт.
7. Примордиализм эки түргө бөлүнөт: социобиологиялык жана социомаданий.
8. Социобиология – этнос бул канынан.
9. Социомаданий – этнос бул тил, дин, раса аркылуу калыптанат.

Мазмунуна

## 13-суроо. Конструктивизм теориясы деген эмне?

Этностун пайда болушу жана өнүгүүсү боюнча 3-4 негизги теориялар бар. Анын бирөө – бул конструктивизм.

1. Этностун пайда болушу – бул канында, же төрөлүшүндө эмес. Ал факторлор чоң ролду ойнобойт.
2. Этносту коом өзү жаратат, өзүнүн муктаждыгына жараша түзүп алат (орусчасы – конструкция), ошол үчүн бул теория конструктивизм деп аталат.
3. Этникалык чек ара өтө ийкемдүү (гибкий) болот. Бир этносто төрөлгөн инсан башка этноско өтүп кете берет. Себеби, маселе канында же ата-энесинде эмес. Маселе: коомдук муктаждык жана ыктыярдыкта.
4. Конструктивизм теориясында улуттук интеллегенцияга чоң роль ыйгарылат. Улуттук интеллегенция ошол улутка тийиштүү, баалуу, керек деген маданий сапаттарды, асыл-нарктарды, жүрүм-турумдарды жаратат, аларды ошол этноско таркатат.
5. Конструктивизмдин негизги принциби: адам бир этноско таандык болбойт. Тескерисинче: этноско тийиштүү асыл-нарктар адамга таандык болот.

Мазмунуна

## 14-суроо. Инструментализм деген эмне теория?

Улуттук (этникалык) иденттүүлүктүнпайда болушу, өнүгүүсү боюнча 3-4 белгилүү теориялардын бири – бул инструментализм.

1. Улуттук иденттүүлүк өзүнчө өмүр сүрбөйт. Бул иденттүүлүктү атайын пайда кылып, аны кайсы бир саясий же экономикалык максаттарды ишке ашыруу боюнча ыкма, шайман (инструмент) катары гана колдонушат.
2. Улуттук иденттүүлүктү саясий күчтөр өз кызыкчылыгын ишке ашыруу үчүн эле ойлоп табышат жана аны коомго таңуулашат.
3. Улуттук (этностук) иденттүүлүк тек гана саясий күчтөрдүн инструменти. Анын арты менен коом биригет, бир баалулуктарга сугарылат, бир саясий багытка кадам таштайт.
4. Улуттук идея кайсы бир саясий максаттарга жетүү үчүн, бийлике келүү үчүн гана колдонулат.
5. Улуттук мобилизация – бул саясий лидерге гана керек нерсе. Улутту бириктирүү менен ал лидерлер өз саясат максаттарын чечип алышат. Улуттук иденттүүлүк алар үчүн тек гана курал.

Мазмунуна

## 15-суроо. Коомдогу көп түрдүүлүк (многообразие) деген эмне? Ал көп түрдүүлүктү кантип башкарса болот?

Адам коому ар кандай, ар түрдүү, ар башка инсандардан, топтордон, группалардан турат. Негизи эле Кудай адамдарды бири биринен айырмаланып тургандай жаратат. Илимде бул нерсени “Коомдук көп түрдүүлүк” деп атайт.

1. Көп түрдүүлүктүн ар кандай негиздери болот. Алар: улуттук, жыныстык, жаш-курактык, адистик, билим денгеели боюнча, диний өзгөчөлүктөр боюнча, саясий көз караш боюнча.
2. Ар кандай адамдардын муктаждыктары да ар кандай болот. Ар кайсы топтун муктаждыктары башка бир топтун муктаждыктарына төп келбей калышы мүмкүн.
3. Коомдогу көп түрдүүлүктү жөнгө салып, башкарыш керек. Бул мамлекеттин милдети.
4. Көп түрдүүлүктү башкаруунун эң негизги ыкмасы – бул жарандык (гражданство) институту.
5. Бир мамлекеттин жарандары бирдей укуктарга жана милдеттерге ээ болуп калат. Жарандык үчүн инсандар башка өзгөчөлүктөрү (диний, этникалык, жыныстык ж.б.у.с.) мааниге ээ болбой калат.
6. Кыргыз Жараны концепциясы бул ошол кыргызстандагы көп түрдүүлүктү башкаруунун бир ыкмасы.

Мазмунуна

## Ⅱ-глава. 16-суроо. Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын Конституциясында кандай чагылдырылган?

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-бөлүмү “Адамдын жана жарандын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери” деп аталат. Бул бөлүмдө адамга тиешелүү, эл аралык стандарттарга төп келген негизги укуктары жана эркиндиктери камтылган.
2. Негизги адам укуктары: жашоого, үй-бүлөө куруууга, эркин жүрүүгө, эркин ой жүгүртүүгө, маалымат алууга, дин тутууга же тутпоого, шайлоого жана шайланууга, тынч чогулууга, өз мүлкүнө, каалаган эмгек эркиндигине, эс алууга, билим алууга, турак-жайга ж.б.у.с.
3. Адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс, алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык.
4. Адам укуктары мыйзамдар менен гана чектелиши мүмкүн.
5. Бир дага адам өзүнүн этносу, дини, саясий көз караштары, жаш курагы, билими, теги боюнча басмырлоого дуушар болбош керек.
6. Жарандык укуктар жана милдеттер Кыргызстандын ар бир жаранына тийиштүү.

Мазмунуна

## 17-суроо. Эмне үчүн паспорт мамлекеттин менчиги болуп эсептелинет?

1. Паспортту мамлекет даярдайт жана жаранга убактылуу колдонгонго берет.
2. Мамлекет паспорттун ээси, жаран болсо паспорттун колдонуучусу болуп эсептелинет.
3. Колдонуучу жаран паспортко мамлекеттик органдын уруксаты жок эч кандай өзгөртүүлөрдү өз алдынча киргизе албайт.
4. Алган паспортту жоготпой, булгабай, бүлдүрбөй, мыйзамга жараша колдонуу бул жарандын милдети.
5. Паспорттун мөөнөтү бүткөндө колдонуп жүргөн жаран ал паспортту алмаштырууга милдеттүү. Алмаштырбаса, мөөнөтү бүткөн паспортту бир дагы мамлекеттик мекеме таанныбайт.
6. Паспорттун түрлөрү, дизайны, формасы, түсү, размери – бул жарандын эмес, мамлекеттин иши.
7. Жаран каза болгондо паспорт мамлекетке (паспорттун ээсине) өткөзүп берилиши керек.

Мазмунуна

## 18-суроо. Саясий башбаанек укугу деген эмне?Аны ким жана кандай шартта колдоно алат?

1. Өз өлкөсүндө кандайдыр бир саясий экономикалык, гендердик, профессионалдык, диний жана башка себептер менен куугунтукка учураган атуулдарбашкамамлекеттен саясий башбаанек (убежище) сураганга жана аны алганга укуктуу.
2. Ар бир адамдын бул өзгөчө укугу Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) эл аралык документтери жана баардык БУУ мүчөлөрүнүн ички мыйзамдары аркылуу тастыкталат.
3. Ар бир адам башка мамлекеттен саясий башбаанек сураганга укуктуу. Ар бир мамлекет саясий башбаанек берүүгө милдетүү эмес, бирок толук укугу бар.
4. Кыргызстан да эгемен мамлекет, БУУнун толук кандуу мүчөсү катары башка мамлекеттердин жарандарына башбаанек берүүгө укугу бар.
5. Башбаанек берүү боюнча атайын органдар жана процедуралар болот.

Мазмунуна

## 19-суроо. Конституция боюнча кандай иш-аракеттерге тикелей жана катуу тыюу салынган?

Кыргыз Республикасынын Конституциясыны жана мыйзамдары боюнча төмөнкү 9 иш-аракеттерге катуу тыюу салынган:

1. өлүм жазасына, кыйноо, адамдын кадыр-баркына шек келтирген мамиле жана жазанын түрлөрү;
2. адамдын өз макулдугу жок кандайдыр бир медициналык, биологиялык, психологиялык эксперементтер;
3. кулчулук, адамдарды сатуу-сатып алуу;
4. балдардын эмгегин колдонуу;
5. келишимди аткарбай койгон үчүн гана эркинен ажаратуу;
6. адамдын аброюна шек келтирген маалыматты тараткандыгы үчүн кылмыш жазасына тартуу;
7. өз пикирин, диний жана башка ишенимин тастыктоо же алардан баш тартууга мажбурлоо;
8. тынч чогулушка, митингке катышууга мажбурлоо;
9. негизи жок атуулдуктан, үй-мүлкүнөн ажыратуу;

Бул иш аракеттерди чектөө такыр мүмкүн эмес деп тастыктайт биздин Конституция.

Мазмунуна

## 20-суроо. Конституция боюнча адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын эң жогорку баалулуктары деп эсептелинен. Себеби эмнеде?

Конституциянын 23-беренесинде адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын эң жогорку баалулуктары деп таанылат. Анын төмөнкү себептери бар.

1. Аталган укуктар жана эркиндиктер ар бир адамга туулгандан баштап таандык. Аларды мамлекет эмес, жараткан өзү берген деп эсептелинет.
2. Мамлекет ал укуктарды жана эркиндиктерди өзү бербеген соң, аларды тартып алууга дагы укугу жок.
3. Мамлекет ал укук-эркиндиктерди коргоого, ишке ашырууга милдеттүү.
4. Мамлекеттин, бийликтин бир эле эң чоң милдети бар: ошол укук-эркиндиктерди ишке ашыруу.
5. Бул укук-эркиндиктери эң жогорку баалулуктарына кирүү менен алардын адамдын, атуулдун өзүнөн ажыратылгыс, болүнбөс деп таанылат.
6. Аталган укук-эркиндиктерди чектөөгө Конституция аркулуу тикелей тыюу салынган.
7. Бул укук-эркиндиктер тек гана кагазда калбай, иш жүзүндө, бийликтин ар бир күнүмдүк аракетинде камтылып, ишке ашып турушу абзел.

Мазмунуна

## 21-суроо. Адам укуктары менен жарандык (граждандык) укуктардын айрымасы эмнеде?

Адам укуктары жана атуулдардын (граждандардын) укуктары бири бири менен абдан тереӊ байланышкан, бири бирин негиздеп жана шарттап турат. Ошого карабастан, алардын айрымачылыгын аныктап кетсек болот.

1. Адам укуктары төрөлгөндөн баштап ар бир кишиге таандык. Ал эми жарандык укуктар адам өз мамлекетинин паспортун алып, жарандык жоопкерчилиги пайда болгондон башталат.
2. Адам укуктары негизинен эч бир чектөөгө жатпайт. Мисалы: жашоо укугу. Граждандык укуктар болсо чектөөгө жатат (ден соолугу, жаш-курагы боюнча мисалы).
3. Адам укуктарында адамдын жоопкерчилиги баса белгиленбейт, себеби ал укуктар торөлгөндөн баштап иштейт.

   Граждандык укук болсо негизинен 16 жаштан баштап киргенине байланыштуу ал укуктарда жарандын жоопкерчилигине басым көрсөтүлөт.
4. Адам укуктары мөөнөтү жана жагдайы боюнча чексиз десек болот. Граждандык укуктар болсо жарандыкты алуу менен башталат жана жарандыктан чыкса, ал укуктар да жок болот.

   Мисалы: жарандын шайлануу же шайлоо укугу 18 жаштан пайда болот. Эгер ал жаран Кыргыз Жарандыгынан чыгып кетсе, ал шайлоо укугун ошол күндөн тартып жоготот.

Мазмунуна

## 22-суроо. Кыргыз Республикасынын жарандыгы дегенди кандай түшүнөсүз?

Кыргыз Республикасынын жарандыгы (гражданство) жөнүндө Конституцияда атайын 5-бөлүгү бар.

1. Граждандык-бул адам менен мамлекеттин туруктуу укук байланышы.
2. Жарандыктан мажбурлап ажыратыш мүмкүн эмес.
3. Жаран мамлекеттин буйругу менен башка мамлекетке өткөрүп берилбейт, Кыргыз Республикасынын сыртына чыгарып салынбайт.
4. Тышта жүргөн жарандарын да мамлекет өз колдоосуна жана коргоосуна алууга кепилдик берет.
5. Кыргыз элине (улутуна) тиешеси бар адамдарга жарандык жеңилдетилген тартипте берилет.
6. Кыргыз жараны башка мамлекетинин жарандыгын алган күндө да Кыргызстандын мыйзамдары жана талаптарына жараша укуктарга ээ жана жоопкерчилиги да аныкталат.
7. Кыргыз Жаранынын паспорту мамлекеттин менчиги болуп эсептелинет.
8. Жарандыгы жок же башка мамлекеттин жарандыгы бар адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктарга ээ болот.
9. Кыргыз Республикасы башка мамлекеттердин жарандарына башбаанек бериши мүмкүн.

Мазмунуна

## 23-суроо. Кыргыз жарандарынын кандай милдеттери бар?

1. Коомдук эрежелерди жана ченемдерди сактоо, коомдун кызыкчылыктарын урматоо (Конституция, 53-берене).
2. Конституцияны, мыйзамдарды сыйлоо, сактоо, башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин, абийрин жана ар-намысын урматтоо (53-берене).
3. Ата-Мекенди коргоо – ар бир жарандын ыйык парзы жана милдети (54-берене).
4. Балдарды жакшы тарбиялоо ата-эненин милдети (26-берене).
5. Эмгекке жарактуу, жашы жеткен балдар өз ата-энелерине камкордук көргөнүнө милдеттүү (26-берене).
6. Мыйзамдарда бекилген салыктарды жана башка төлөмдөрдү өз убагында жана толук көлөмдө төгүп турууга милдеттүү (50-берене).

Мазмунуна

## 24-суроо. Адам укук эркиндиктеринин кандай кепилдиктери барКонституция боюнча?

1. Адам укук-эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбайт (56-берене).
2. Ар бир адамдын күнөөсүн далилдөө-бул мамлекеттин милдети. Адам “мен күнөөлү эмесмин” деген нерсени далилдөөгө милдеттүү эмес. Соттун чечими чыкмайынча бир да адам күнөөлүү деп саналбайт (57-берене).
3. Адам “мен күнөөлүмүн” деп күнөөсүн мойнуна алган фактынын негизинде эле соттолушуна тыюу салынат. Андай адамдын күнөөсү да далилделиши керек (57-берене).
4. Эч ким өзүнө жана жакын туугандарына каршы көрсөтмө берүүгө милдетүү эмес.
5. Ар бир адам өз иши сотто каралышына укуктуу (58-берене).
6. Бир эле кылмышка эки же андан көп жаза берилбеш керек (58-берене).
7. Соттун чечими жок бир да адам 48 саатан ашык кармалууга мүмкүн эмес.
8. Кайсы бир келишимди аткарбай койду деген доомат менен бир да жаранды кылмыш жазасына тартууга тыюу салынат.
9. Ар бир адам кармалган мүнөттөн баштап адвокатка ээ болуга укуктуу.
10. Мыйзамсыз кармоонун материалдык кесепеттери мамлекеттин эсебинен төлөнүп берилет (59-берене).
11. Адамдын жоопкерчилигин белгилөөчү же күчөтүүчү мыйзам өткөн мезгилде колдонулбайт (60-берене).
12. Сөз эркиндигин чектеген мыйзамдардын кабыл алынышы мүмкүн эмес.

Мазмунуна

## 25-суроо. Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) граждандык укуктары жөнүндө кандай документтер бар? Алардын негизи маңызы кандай?

1. Адам укуктары боюнча жалпы Декларация (1948-ж).
2. “Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо” боюнча Европа Конвенциясы (1950-ж).
3. Жарандык жана саясий укуктар тууралу эл аралык Пакт (1966-ж).
4. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык Пакт (1966-ж).
5. Аялдарга болго баардык дискриминация түрлөрүн жоюу боюнча Конвенция (1979-ж).
6. Расалык дискриминациянын баардык түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык Конвенция (1979-ж).
7. “Кыйноого жана башка адамкерчиликсиз, адамдын кадыр баркына шек келтирген мамилелерге жана жазаларга каршы БУУнун Конвенциясы” (1984-ж).
8. “Балдардын укуктары жөнүндө” БУУнун Конвенциясы (1989-ж).
9. “Инвалиддердин укуктары жөнүндө” БУУнун Конвенциясы (2006-ж).

Ушул эл аралык укуктук документтерде дүйнөлүк заманбап, эл аралык коомчулук керек жана маанилүү деген пикирлер, тыянактар, багыттар жана баалуулуктар камтылган.

Мазмунуна

## 26-суроо. Адам укуктарын коргоо кандай жолдор менен ишке ашат?

1. Конституциянын 56-беренеси: мамлекет жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин Конституцияда жана мыйзамдарда бекитилген тартипте камсыз кылат.

   Демек, адам укуктарын коргоо жана камсыз кылуу - бул биринчи ирээте мамлекеттин, бийлик бутактарынын негизги иши жана милдети.

   Кайсы мамлекеттик органдарга кайрылуу керек:

1. Прокуратура органдары Конституциянын 105-беренесине ылайык прокуратура мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзөт.

   Прокуратура десе эле жөнөкөй жарандар тергөө, укуктук куугунтук, кылмыш ишке козгоо деп түшүнөт.

   Прокуратуранын негизги иши тергөө эмес, адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо.
2. Укук коргоо органдары. Бекеринен коргоо деп аталбайт. Ал органдар мамлекеттин атынан адам укуктарын коргоого милдеттүү.

   Укук коргоо органдарына ИИМ, УКМКна биринчи ирээтте койсок болот.
3. Соттор.
4. Омбудсмаен (Акыйкатчы).
5. Жогорку Кеңеш, ар бир депутат.
6. Министрлер Кабинети.
7. Аксакалдар соттору.
8. Райондук, облустук администрация, мэриялар.
9. Президент.

Мазмунуна

## 27. суроо. Негизги адам укуктары кайсылар?

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык негизги адам укуктарына төмөнкү укуктар кирет:

1. Жашоо укугу.
2. Уй-Бүлө күтүү, куруу укугу.
3. Балдар алардын өнүгүүсүнө зарыл болгон денгеелге укуктуу.
4. Абийр, ар намыс, жеке турмушунун кол тийгистигине укуктуу.
5. Турак жайга укуктуу.
6. Мамлекеттин аймагында эркин жүрүү, барууну жана жашоочу жерин эркин тандоого укуктуу.
7. Эркин ой жүгүртүүгө укуктуу.
8. Маалыматты эркин издөөгө, алууга, сактоого, пайдаланууга, жайылтууга укуктуу.
9. Абийр жана дин тутууга укуктуу.
10. Шайлоого жана шайланууга.
11. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка иштөөгө.
12. Тынч чогулуштарга.
13. Мүлк күтүүгө, ага ээлик кылууга, пайдалануу жана тескөөгө.
14. Экономикалык жана ишкердик эркиндикке.
15. Эркин эмгек кылуу.
16. Ден-соолуктуу болуу.
17. Социалдык камсыздоо.
18. Билим алууга.
19. Илим, техника, көркөм чыгармачылык эркиндиги.
20. Таза экология.

Мазмунуна

## 28-суроо. Конституцияда Кыргыз жарандарынын кайсы негизги милдеттери бекитилген?

Укук менен милдет айкалышып, бири бирин шарттап, бири бирин негиздеп, толуктап турганда гана коом жана мамлекет өнүгөт.

Конституцияда так жана ачык көрсөтүлгөндөй милдеттер төмөнкүлөр.

1. Салыктарды жана жыйымдарды мыйзамда каралган тартипте төлөп туруу милдети (50-берене).
2. Ата-Мекенди коргоо Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыйык парзы жана милдети (54-берене).
3. Атаны-энени урматтоо жана камкордук көрүү балдарынын ыйык парзы (20-берене).
4. Башка жарандардын аброюна, ар намысына шек келтирбешке милдеттүү.
5. Мамлекеттин мыйзамдарын так аткарууга ар бир жаран милдеттүү.
6. Ар бир жаран балдарын жакшы шартта багып алардын өнүгүүсүнө, физикалык жана руханий, маданий интелектуалдык жактан өсүшүнө камкордук көрүүгө милдетүү.
7. Айлана-чөйрону экологиялык стандарттарда сактоого милдеттүү.

Мазмунуна

## 29-суроо. “Кыргыз Жараны” концепциясынын негизги принциптери кайсы?

1. Кыргыз Республикасынын бардык бекитилген конституциялык ченемдерин жана мыйзамдарын сактоого багыт алуу.
2. Кыргыз Республикасынын жарандарынын этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө.
3. Ыктыярдуулук, көп түрдүүлүктү урматтоо жана таануу, жарандардын укуктары менен милдеттеринин ар түрдүү көз караштагы ар кандай топтордун ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоо.
4. Кыргыз жаранын жана мамлекетти өнүктүрүүгө кызыкдар болгон бардык тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана өнөктөштүгү.

Мазмунуна

## 30-суроо. “Кыргыз Жараны” концепциясынын негизги максаты эмне?

Негизги максаты: кыргыз жараны деп өзүн таанууну өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрө түзүү.

Жалпак тил менен айтканда: “сен өзүңдү ким деп сезесиң?” деген суроого “мен өзүмдү кыргыз жараны, Кыргызстандын атуулу, гражданини деп сезем” – деген негизги жоопко жетишүү болуп эсептелинет.

Эмне үчүн граждандык (атуулдук, жарандык) иденттүүлүк башка иденттүүлүктөргө (диний, этностук, жыныстык, уруулук, регионалдык, адистик) салыштырмалуу өзгөчө мааниге ээ?

1. Адамдын бир мамлекеттин ичиндеги укук-милдеттери анын динине, улутуна, жынысына, адистигине карата аныкталбайт. Ал укуктардын бир эле негизи бар – ал атуулдук, граждандык, жарандык негиз. Башкача айтканда: Кыргызстандын гражданини же Кыргыз Жараны болсоң гана үй алууга, шайлоого, жер сатып алууга ж.б.у.с. укуктарга ээ болосуң. Паспортуң жок болсо, андай укуктарың жок.
2. Кыргызстандын бир да гражданинин дини, улуту, жынысы, жашы боюнча мыйзамда каралган артыкчылыгы же кемчилиги жок, болушу да мүмкүн эмес.
3. Мыйзамдын алдында ар бир кыргыз жарандын укугу бирдей, милдеттери да тең.

Мазмунуна

## 31-суроо. “Кыргыз Жараны” концепциясынын артыкчылыктуу багыттары багыттары кандай?

1. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу.
2. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк баалулуктарын урматтоону сактоо.
3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү.
4. Башкаруу жана чечим кабыл алуу процестерине катышууга бирдей шарттарды түзүү.
5. Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

Жалпылап айтканда: Кыргыз Жараны Концепциясы кенен тарап, ар бир атуул аны чын дилинен кабыл алса, анда Кыргызстанда биримдик жана ынтымак терендеп, Кыргызстан ар бир улуттун муундун, диний конфессиялардын өкүлдөрүнүн чыныгы Ата-Журтуна айланып, ич-ара арыздашууларга негиз түгөнөт эле деген изги үмүт жаралат.

Мазмунуна

## 32-суроо. “Кыргыз Жараны” Концепциясы ишке ашуу менен кандай жыйынтыктар, натыйжалар күтүлүүдө?

1. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну өнүктүрүү үчүн жакшы шарттар түзүлүп коомдук механизмдери иштелип чыгып, баардык жарандар өзүн Кыргыз Жараны деп таанууга жетишүү.
2. Кыргыз Республикасынын жарандары этностук, диний жана башка өзгөчөлүктөргө карабай өлкөнүн коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык турмушуна активдүү катышуусун камсыз кылуу.
3. Өлкөдө мамлекеттик тилдин коомдук аброю көтөрүлүп, көпчүлүк жарандар аны өздөштүрүүгө шарттар түзүлүшүнө жетишүү.
4. Өлкөдөгү көп түрдүүлүк, көп тилдүүлүк сакталат, жана өнүгүүгө шарт түзүлөт.
5. Мамлекттик башкаруу системасында анын ичинде сот жана укук-коргоо органдарында этностук жана гендердик баланстар бузулбаш керек.
6. Жарандардын бийлик бутактарына жана саясий институттарына ишеними жогорулашына жетишүү.

Мазмунуна

## 33-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан көз карандысыз мамлекет деп аталат? (Конституциянын 1-беренесине ылайык).

Маселе экономикалык же аскердик көз карансыздыкта эмес. Бул жерде сөз укуктук, юридикалык көз карансыздык жөнүндө болуп атат.

1. Кыргызстан өзү түзгөн жана кабыл алган Конституция жана башка мыйзамдары менен жашайт.
2. Башка бир да мамлекеттин мыйзамдары, жоболору, эрежелери Кыргызстанда иштебейт.
3. Эл аралык Жоболор, ар кандай декларациялар, келишимдер Кыргызстандын ыктыярдуу кабыл алуусу жана кол коюуусу аркылуу гана Кыргызстанда иштеши мүмкүн.
4. Кыргызстан өзүнүн ички жана тышкы саясатын өзү гана аныктайт.
5. Көз карандысыз, эгемен мамлекет катары Кыргызстан өзүнүн Гербине, Гимнине, Желегине, эң негизгиси – жарандыгына ээ.
6. Көз карандысыз мамлекет катары Кыргызстанды дүйнө коомчулугу тааныйт, анын арты менен дипломатиялык катнаштар түзүлөт.

Мазмунуна

## 34-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан демократиялык мамлекет деп аталат? (Конституциянын 1-беренесине ылайык).

Демократия деген Эл Бийлиги дегенди билдирет. Эмне үчүн бийлик элдин колунда?

1. Кыргызстандын негизги мыйзамы болгон Конституция тек гана жалпы элдик референдумда кабыл алынат.
2. Кыргыз Жарандары (шайлоочулары) аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлик бутактарын тикелей (түз) шайлоодо, альтернативдик негизде шайлайт. Башкача айтканда Президентти жана Жогорку Кеңешти тек гана жалпы эл шайлайт, башка жолу жок аларды шайлоо боюнча.
3. Эл шайлаган гана бийлик мамлекетти башкарат. Бийликти элдик шайлоодон тышкары басып алуу оор кылмыш деп табылат.
4. Эл өзү да мыйзам сунуштоо демилгесине ээ.
5. Жергиликтүү бийликтин депутаттары толугу менен эл аркылуу шайланат.
6. Шайлоолор мыйзамдарда аныкталган мөөнөттөрдө сөзсүз өтүп туруш керек.

Мазмунуна

## 35-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан унитардык мамлекет деп саналат? (Конституциянын 1-беренесине ылайык).

Унитардык деген сөз бирдиктүү, бир өңчөй, ичинде өз алдынча бөлүкчөлөрү жок дегенди билдирет.

Унитардык мамлекет деген бул бирдиктүү, ал мамлекеттин ичинде өзгөчө укуктарга, юридикалык автономияга ээ региондор жок дегенди билгизет.

Унитардык мамлекеттин антоними (карама-каршысы) бул федеративдик мамлекет. Андай мамлекет башка юридикалык жактан суверендүү штаттардан, облустардан, региондордон турушу мүмкүн.

Мисалы: АКШ – бул унитардык эмес, федеративдик мамлекет. Ал 51 штаттан турат, ар бир штат өз Конституциясы, мыйзамдары, эрежелери бар. Кайсы бир мамлекеттик функцияларды штаттар федерация денгеелинде өткөзүп, калганын өздөрүнө алып калышкан. Кыргызстан болсо унитардык мамлекет, ичинде өзгөчө региондор жок.

Мазмунуна

## 36-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан укуктук мамлекет деп аныкталат (Конституциянын 1-беренесине ылайык).

Укуктук мамлекет дегендин негизги көрсөткүчтөрү эмнеде?

1. Мамлекеттин бүт турмушу, кыймыл-аракети, укук-жоопкерчилик системасы, ички жана тышкы саясаты тек гана мыйзамдар аркылуу аныкталат.
2. Мыйзамдардын өзүнчө иерархиясы жана системасы бар. Конституция эң жогорку жана негизги мыйзам болуп эсептелинет. Калган мыйзам актылары бүт Конституцияга төп келиши керек.
3. Мыйзам кабыл алуу милдети жана укугу тек гана эл шайлаган Жогорку Кеңешке таандык. Башка бир да бийлик органы мыйзам кабыл алалбайт.
4. Конституцияны коргоо жана сактоо боюнча атайын Конституциялык сот бар.
5. Мыйзамсыз иш-аракеттер мамлекеттик органдар аркылуу жазаланат.
6. Мыйзамдар үзгүлтүксүз өзгөртүлүп турат.
7. Мыйзамдуу жол менен шайланган жана дайындалган гана жетекчилер бийлик жүргүзөт.

Мазмунуна

## 37-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан светтик мамлекет деп Конституциянын 1-беренесинде аныкталган?

Светтик деген сөз эмнени билдирет жана аныктайт?

1. Дин, диний салттар, эрежелер, ырымдар мамлекеттен (башкаруу системасынан) бөлүнгөн (ажыратылган).
2. Мамлекет диндердин ички эрежелерине кийлигишпейт. Дин мамлекеттик башкарууга кийлигишпейт.
3. Диндер жана диний конфессиялар мамлекет кабыл алган (бекиткен) мыйзамдарга ылайык өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.
4. Диний радикализмге жана экстремизмге мамлекеттик бийлик жол бербейт жана мыйзам чегинде аларга каршы күрөшөт.
5. Кыргызстан дин эркиндигин камсыз кылууга кепилдик берет. Албетте мыйзам чегинде.
6. Мамлекет (бийлик) аныктаган жана бекиткен гана диний мыйзамдар белгиленет, ал мыйзамдар гана мамлекеттин колдоосуна алынат.
7. Ар кайсы диндин өкүлдөрү мыйзам алдында бирдей укукка жана жоопкерчилике ээ. Мусулман же христиан болуу же болбоо кандайдыр бир юридикалык чектөөлөргө же артыкчылыктарга алып келбейт.
8. Бирдей укук жоопкерчиликтин жалгыз негизи – бул Кыргыз Жарандыгы.

Мазмунуна

## 38-суроо. Эмне үчүн Кыргызстан Конституциянын 1-беренесине ылайык социалдык мамлекет деп аныкталган?

Социалдык мамлекет - бул ден соолугу боюнча, социалдык – абалына байланыштуу, курак-жашы боюнча оор абалда калган өз жарандарын өзгөчө камкордукка алуу боюнча милдеттенме алып, аны ашырып жаткан мамлекет. Кыргызстан өзүн “социалдык” мамлекет деп жарыялап, эмнеге милдеттенме алды?

1. Мамлекеттик пенсия системасын түзүү жана аны үзгүлтүксүз иштетүү.
2. Экономикалык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө мамлекет тарабынан колдоо (балдарга пособие чектөө ж.б.у.с.).
3. Ден соолугу чектелген, оорукчан болуп калган балдарга, жарандарга социалдык жардам берүү.
4. Инвалиддер үчүн атайлаган билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык өнүгүү системаларын түзүү жана аларды өркүндөтүү.
5. Инвалиддер үчүн атайын жумуш орундарын түзүү, алардын саясий жана экономикалык укуктарын камсыздоо.
6. Кыргызстан өзүн социалдык мамлекет деп таанып, мамлекет турмушта кыйын абалда калган өз жарандарына камкордук милдетин алат дегенди билдирет.

Мазмунуна

## 39-суроо. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын преамбуласы (кириш бөлүгү) эмне үчүн Конституцияга киргизилген, анын кандай укуктук жана саясий мааниси бар?

Преамбула – бул өзгөчө маанидеги жана максаттагы текст болуп эсептелинет.

Преамбула Конституция эмне үчүн, кандай максатта, эмнелерди эске тутуп жана кандай баалулук системасын даңазалоо (жарыялоо) үчүн камтылган.

Преамбула 11 “лозунг-жарыядан” турат.

1. Өз тагдырды өзүбүз чечебиз.
2. Максат-укуктук, калыс мамлекетти куруу.
3. Чыныгы эл бийлигин туу тутуу.
4. Айкөл Манастын осуяттарына таянабыз.
5. Элдин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойбуз.
6. Эгемен мамлекетти сактайбыз жана чыңдайбыз.
7. Адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтайбыз.
8. Жалпы адамзат баалуулуктарын сыйлайбыз.
9. Экономикалык, руханий, социалдык өнүгүүнү көздөйбүз.
10. Эркиндик үчүн курман болгон баатырларды эстейбиз.
11. Азыркы жана келечек муундардын алдында Мекен үчүн жоопкерчиликти сезүү.

Мазмунуна

## 40-суроо. Кыргыз Республикасынын жараны дегенди кандай түшүнүш керек?

Жарандыкты ким берет, ким алып коё алат? Жарандын кандай укуктары жана милдеттери бар?

1. Жарандык – бул жеке адам менен мамлекеттин ортосундагы, алардын укук жана милдеттерин камтыган, туруктуу укуктук байланышы.
2. Кыргызстандын бир да жараны өз ыктыярдуулугу болбосо жарандыктан ажыратылуусу мүмкүн эмес.
3. Кош жарандуулук мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык таанылат.
4. Кыргызстанга жана Кыргыз элине таандыктыгын далилдеген ар бир адам Кыргыз Жарандыгын жеңил жолу менен алууга укуктуу.
5. Кыргыз жаранынын паспорту мамлекеттин менчиги болуп саналат.
6. Кыргыз Жараны кандай гана шарт же жагдай болбосун, башка мамлекетке өткөзүп берилбейт.
7. Четте жүргөн Кыргыз жарандары Кыргыз Республикасынын колдоосуна алынат.
8. Мурда Кыргыз Жараны болуп жүргөн чет өлкөлүк жарандар Кыргызстанда жашоого жеңилдетилген тартипте ээ боло алышат.
9. Кыргыз Жарандыгы Президенттин чечими менен берилет.

Мазмунуна

## 41-суроо. Кыргыз Жараны Концепциясынын 1-чи стратегиялык багыты ага жетүүнүн жолдору кайсы?

1-чи багыт - Кыргыз Жараны деп өзүн таануу. Бул өтө татаал багыт жана максат. Себеби жөн турмушта адамдар өзүн дароо эле “мен Кыргыз Жаранымын, мен Кыргызстандын атуулумун” деп өзүн өзү тааныбайт. Адатта кандай иденттүүлуктөр бар? Сен кимсиң? Деген суроого көпчүлүк кандай жооп берет?

Жооптор: кыргызмын, (өзбекмин ж.б.у.с.), мусулманмын, нарындыкмын (ж.б.у.с.), атанын уулумун, баланча уруунун өкүлүмүн, инженермин, түкүнчө партиянын мүчөсүмүн.....

Башкача айтканда: сен кимсиң? Өзүңдү биринчи ирээтте ким деп эсептейсиң, деген суроого “мен Кыргыз Жаранымын” деген жооп үстөмдүк кылуусун кантип камсыз кылабыз?

Ал үчүн тек гана жарандык (гражданство) аркылуу адамдын укуктары жана эркиндиктери камсыз кылынаарын жайылтыш керек.

2. Экинчиден: жердештик, региондук, диний, саясий, уруулук өзгөчөлүктөр көп, бирок элдин баарын бириктирген бул Кыргыз Жарандыгы деген саясат жүрүш керек.
3. Бул максатка жетиш үчүн илим-билим мекемелери, бийлик өкүлдөрү чоң эмгек кылыш керек.
4. ММКлар, гезит-журналдар, сайттар ушул багытта атайын иш-чараларды алып баруусу зарыл. Ар бир Кыргыз Жаранынын ийгиликтери, ал жарандын улутуна, динине карабай даңазалап турушу керек.
5. Регионалдык, уруулук, диний негизде бөлүнүп-жарылууга бөгөт коюлушу зарыл.

Мазмунуна

## 42-суроо. Кыргыз Жараны концепциясынын 2-чи багыты, ага жетишүүнүн жолдору кайсы?

Кыргыз Жараны концепциясынын 2-чи стратегиялык багыты – бул Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрлүктүн дөөлөттөрүн урматтоо.

Башкача айтканда: ар бир адам, коом улут, дин уникалдуу кайталангыс. Кыргызстандын эли да ошондой, ар түрлүү, көп түстүү. Бизде ар кайсы улуттар, ар кыл диндердин өкүлдөрү жашайт. Бирок баарыбызды бириктирген нерсе эмне? Бул биздин атуулдугубуз, жарандыгыбыз. Биз баарыбыз Кыргызстандын жараныбыз, паспортубуз бирдей.

Ар бирибиз ошол уникалдуулугубузду кабыл алып, аны менен сыймыктанышыбыз шарт. “Меники туура, сеники туура эмес” деген лозунгдар болбош керек. Ар бир улуттун, диндин ээлеринин арасында жакшы да, жаман да өкүлдөрү болот. Улут же дин өзү жаман болушу мүмкүн эмес.

Толеранттуу болуу – бул башка бир адамдын тилин, жүрүм-турумун, туткан динин, жеген тамагын, тарыхын, кийим-кечесин, ырын-бийин, салт-санаасын сыйлоо, урматтоо, туура кабыл алуу.

Жаман улут болбойт. Жаман адам болушу мүмкүн.

“Курама темир курч болот” деп бекер айтпайт. Кыргызстандын эли да ар кайсы улут, динден түзүлүп, бири-бирибизди күчөтүп-ширетип, Ата-Мекенибиз болгон Кыргызстанды өнүктүрө беришибиз маанилүү.

Мазмунуна

## 43-суроо. Кыргыз Жараны Концепциясынын 3-чү стратегиялык багыты кайсы, аны ишке ашыруу жолдору кайсы?

Концепциянын 3-чү негизги багыты- бул мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана көп тилдүүлүктү колдоо.

1. 30 жылдык Эгемен Кыргызстан тарыхында бир дагы орус, өзбек же тажик мектеп жабылган жок. Бул чоң жетишкендик.
2. Кыргыз тили Кыргыз Республикасынан тышкары бир да жерде, дүйнөнүн бир да мамлекетинде өнүгүп-өсүүсү мүмкүн эмес. Себеби Кыргызстан дүйнөдө бирөө эле.
3. Кыргыз Республикасы болгон үчүн кыргыз тили мамлекеттик тил болуп, аны колдоо боюнча мамлекеттик Программалар бекитилип келет. Биз сыяктуу эле орус тилин Россия Федерациясы, өзбек тилин Өзбек Республикасы, тажик тилин Тажик Республикасы колдоп келеерин туура түшүнүш керек.
4. Мамлекеттик тилди колдоо – Кыргыз Республикасынын милдети. Себеби бул республиканын калкынын 80% түзгөн кыргыз элинин улуттук тили жана көөнөрбөс дөөлөтү.
5. Кыргыз Тили менен кошо башка тилдер өнүгүүсүнө Кыргыз Республикасы шарт түзүп бериши зарыл.
6. Кыргыз тилин өнүктүрүү бул билим берүү системасынын негизги милдети, бала-бакчадан баштап университеттерге чейин окуу-тарбия процессинде кыргыз тили эч тоскоолдугу жок колдонулушу зарыл.
7. Кыргыз тили өнүгүү үчүн коомдук муктаждык болуш керек. Ошондой муктаждыкты түзүү, өнүктүрүү бийликтин түздөн-түз милдети.
8. Санарип доорунда тилдин өнүгүүсү да санарип технологияларга байланган. Ал жаата да чоң милдеттер турат.
9. Мамлекеттик органдардын жыйындары, иш-кагаздары тек гана мамлекеттик тилде жүрүш керек деген позиция да туура коомдук чөйрөнү жаратууга көмөктөшөт.

Мазмунуна

## 44-суроо. Кыргыз Жараны Концпциясынын 4-чү негизги багыты кайсы? Аны кантип ишке ашырабыз?

Концепциянын 4-чү негизги багыты – бул башкаруу жана чечимдерди кабыл алуу процесстерине бүт жарандардын катышуусуна бирдей шарттарды түзүү.

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка Кыргыз Жарандарынын баардыгы, улутуна, динине, жынысына карабай тартылыш керек.
2. Жалаң кыргыздардан, же эркектерден турган мамлекеттик органдар болбош керек. Бул жерден Өкмөт өтө дыкат саясат жүргүзүшү зарыл.
3. Көп улуттуу, көп диндүү мамлекетте башкаруу системасы да көп улуттуу, көп диндүү болгону Улуттук Стратегияга төп келет.
4. Бул багыт өзгөгө өз алдынча башкаруу системасында, айыл-шаар деңгеелдеринде ийгиликке жетишип турганы маанилүү.

Мазмунуна

## 45-суроо. Кыргыз Жараны Концепциясынын 5-чи негизги багыты кайсы?

Концепциянын 5-чи багыт – бул саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка билимдүү жана таза кадрлар тандалышы зарыл.
2. Бийлик органдарындагы коррупцияга каршы аёосуз күрөш болмоюнча элдин ишеними болбойт. Бул жерде системалуу жана калыс иш-чаралар болуш керек.
3. Социалдык конфликтерди алдын алуу, аларды эффективдүү чечүү боюнча мамлекеттик программа иштелип чыгыш керек.
4. Малекттик бийликтин ишмердүүлүгү колдон келишинче ачык болуп, коомчулуктун тыкыр көзөмөлүндө болуусу зарыл. Өз элин уккан, аны менен эсептешкен бийлик системасы керек.
5. Бийликке ишеним мамлекеттик башкаруудагы санариптештирүү процесстери менен түздөн-түз байланышы бар экенин дүйнөлүк тажрыйба тастыктады. Биз да ошондон кайтпашыбыз керек.
6. Мамлекеттик кызматта темирдей тартип жана өтө чон талап керек.

Мазмунуна

## 46-суроо. Ислам жана Теңирчилик... Чын эле карама-каршылык барбы?

1. Кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү – бул салттуу, ата-бабабыз тарыхта тутуп келген ислам дининин окүлдөрү. Ал салтуу дин эч качан радикалдуу, экстремистик нукта болгон эмес. Ал салтуу ислам ар дайым кыргыздын улуттук тилин, кийим-кечесин, тамак-ашын, журум-турумун, адаттарын, салт-санаасын эске алуу, сыйлоо аркылуу өнүгүп келген.

2. Ушуга байланыштуу кыргыз тарыхында эч качан ислам менен теңирчиликти бири бирине карама-каршы коюу проблемасы болгон эмес. Эч качан теңирчилик деле өзгөчө дин катары каралган эмес. Ал өзүнчө бир философиялык дүйнө тааным, табиятка болгон бир улуттук көз караш катары өмүр сүрүп келген.

3. Бүгүнкү күндө деле теңирчилик өзүнчө дин катары бааланган жок. Теңирчилик деген нерсе исламдын радикалдуу, Орто Азияга таандык эмес багыттары Кыргызстанга келе баштаганда ошол "өөн" сезилген ислам багыттарына жооп болгон, аларга каршы турган, аларды коркунуч катары көргөн улуттук дүйнө тааным катары пайда болгону анык.

4. Теңирчиликти ислам радикалдары да аларга каршы турган салттуу кыргыз исламынын өкүлдөрү да эч бир диндин өкүлү катары өзүн эсептебегендер да өз саясий жана руханий курал катары колдонуп келишет.

5. Радикал ислам менен теңирчиликтин талашы бул диний жана улуттук көз караштардын пикир келишпестиги.

6. Бул маселенин чечилиши – салттуу исламды тутуу. Анда теңирчилик деген проблема жок.

Мазмунуна

## 47-суроо. Дин эркиндиги дегенди кандай түшүнүү керек?

1. Дин эркиндиги светтик мамлекетте гана өмүр сүрүшү мүмкүн. Бул парадокс, бирок чын эле ушундай. Себеби бир дин кайсы бир мамлекетте мамлекеттик динге айланып, аны тутуу мажбурланса анда кайдагы дин эркиндиги?
2. Дин эркиндиги дегенди каалаган диндин каалаган багытын, мазхабын, формасын тута берем дегенди билгизбейт. Ар бир мамлекет өз тарых-салтына жараша кайсы бир диндин радикалдуу багыттарын чектеп коюуга укугу бар. Бул дин саясаты деп аталат.
3. Дин эркиндиги боюнча мамлекет эч бир жаранды бул динди тут же тутпа деп мажбурлай албайт. Бул дин эркиндиги адам укуктарына кирет, жана мамлекеттин кепилдигинде болушу зарыл.
4. Ар бир эркиндик жана укук жоопкерчилик жана милдет менен айкалышып келет. Дин эркиндиги да ошондой. Коомдук стабилдүүлүккө жана өнүгүүгө каршы келген диний салттардын эркиндигин мамлекет камсыз кылбаш керек. Тескеринче, аларга каршы күрошүш керек.
5. Дин эркиндигинин дагы бир маанилүү бөлүгү: эч ким бул динди тутам деп далилдебеш керек. Диний көз карашыңды билгиз деп да эч ким кыйнабаш керек.
6. Дин эркиндиги деген – дин бул жеке адамдын жеке ишеними деп түшүнүш керек. Мажбурлоо, кыйноо, агресивдүү түрдө динди тутууга багыттоо демократиялык мамлекетте мүмкүн эмес.
7. Ошол эле маалда кайсы бир динде баш тартуу багытында да инсанга каршы кыймыл-аракет кылуу мыйзамсыз деп эсептелинет.
8. Кайсы динди адам тутса да, же бир да динди тутпаса да, ал адамдын Конституцияда бекилген укуктары жана эркиндиктерине таасирин тийгизбеш керек. Ал укуктардын негизги кепилдиги – бул ал адамдын диний көз караштары эмес. Жалгыз кепилдиги – бул анын жарандыгы башкача айтканда паспорту!

Мазмунуна

## 48-суроо. Коомдогу көп түрдүүлүк жана Кыргыз Жараны Концепциясы кандай айкалышат.

1. Кыргызстандын коому башка мамлекеттердей эле өтө көп түрдүү. Себеби Кыргызстан бул көп улуттуу, көп диндүү, көп регионалдуу мамлекет.
2. Кыргызстандын коому дини, жынысы, улуту, жаш-курагы, региондору, уруулары, саясий көз караштары боюнча өтө көп түрдүү.
3. Бирок Конституцияда аныкталган жана бекилген көптөгөн адам укуктары, эркиндиктери жана милдеттери жогоруда айтылган көп түрдүүлүк менен аныкталбайт, аларга көз каранды эмес, аларга байланган эмес.

   Мисалы: үй же машина сатып алуу, үй-бүлө куруу, шайлоо жана шайлануу укуктары сенин улутуңа же диниңе көз каранды эмес.
4. Конституцияда бекилген укуктарың түпкүрүндө бир эле нерсеге байланыштуу! Ал нерсең болсо сен укуктарың менен толук колдоно аласың! Ал нерсең болбосо, ал укуктарың менен такыр колдоно албайсың!
5. Ал кайсы нерсе? Ал жарандык, гражданство. Жөнөкөй тил менен айтканда ал нерсе – паспорт!
6. Кыргыз Жараны болсоң, Кыргызстандын паспортунун ээси болсоң гана сенде толтура саясий, экономикалык, социалдык укуктар пайда болот.

Мазмунуна

## 49-суроо. Эгемен Кыргыз Республикасын куруу эмне үчүн мынча татаал болду?

1. Кыргыз элинин акыргкы 7-8 кылымдык тарыхында Эгемен мамлекетти куруу тарыхий тажрыйбасы болгон эмес. Ошол эле маалда кечөө эле бир мамлекетте жүргөн прибалт элдери, азербайжандар ж.б.у.с. улуттар бир кылым мурун эле өз эгемен улуттук мамлекетинде жашап келишкен.
2. Совет доору келгиче деле кыргыздар бир муштум болуп бир улутка бириге алган жок. Мисалы Кыргызстандын түштүгү Кокон хандыгына таандык болсо, түндүгү Орус империясынын карамагында жана таасиринде болуп келген.

   Бекеринен Орус империясына киребиз деп кыргыздын кээ бир уруулары Ак-Падышага өз өзүнчө кайрылышкан.
3. Эгемен жылдары бир эле убакта бир эле улут өтө терең 5-6 улуттук денгеелдеги реформаны башынан өткөзгөнгө мажбур болду. Бул саясий, мамлекеттик башкаруу, агрардык, экономикалык, руханий, маданий – социалдык реформалар эле. Ар бир аталган реформалар чыныгы революцияга тете болгонун эстен чыгарбашыбыз керек.
4. Аталган ички реформалар болуп көрбөгөн тышкы экспансиялар менен коштолду. Либералдык экономика, батыш психологиясы, арабтардын диний көз караштары, кытайдын соода-сатыгы, түрктөрдүн идеологиясы баары бир убакта келип, укмуш таасирин көрсөттү. Ошонун баары улуттук кайра жаралуу менен коштолду.

Мазмунуна